**Тема: Манастын төрөлүшү; Баатырдын бала чагы**

**Максаты:**

- Окуучулар Манастын төрөлүшү жана бала чагы жөнүндө билишет жана кеңири маалымат алышат.
- Окуучулардын логикалык ойлоолору өсөт, тез тапкычтыкка жана ыкчамдыкка үйрөнүшөт.
- Мекенчилдикке, элин-жерин сүйүүгө тарбияланышат.

**Сабактын жүрүшү**

( Мугалим айтып берет)

1.Чыйырдынын толгоо тартышы, сүйүнчүгө арналган кырк күлүк аттын байланышы.

2. Акбалтанын Жакыпты издеп табышы, сүйүнчүсүн алышы

3. Жакыптын айылдын четинде кула бээ тууган кулунду телчиктириши.

4.Байбичесинин ал-жайын сурашы, баласына көзүн салганы.

5.Манастын сүрөттөлүшү.

6.Манастын жетиге чейинки кылыктары, Жакыптын Манасты тарбиялоо максатында койчусу Ошпурга бериши.



**Бышыктоо :**

**1-тапшырма**

**К** - Болоор бала богунан.

**Н** - Манас төрөлгөндө эле өзгөчө бала болуп төрөлгөндүгү.

**М** - Салмагы, оң колуна сары алтын, сол колуна кара кан уучтап түшкөндүгү

**Д** - Эң алгачкы эрдиги, Кортукту укурук менен чаап өлтүрүшү.

**2-тапшырма Адашкан сөздөр**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б | О | О | С | У | П | Р | К | Т | Б |
| Е | Е | Ц | Ю | Б | П | Б | Ы | Ю | О |
| К | Ц | Ш | Л | Д | О | Д | Е | Щ | О |
| Ф | В | Я | И | Й | Й | Л | Я | К | С |
| Ж | Л | Щ | З | К | Ы | Л | С | Э | У |
| К | У | Н | Д | А | Г | Ы | Ң | У | Я |
| Ы | Ф | У | Р | Д | Э | И | Ь | Д | Н |
| Б | О | Л | С | У | Н | Ц | Я | Ф | Ю |

Чыйырды төрөгөндө
Жакыптын
Байбичесине айтканы ?

**Жообу : Бешик боосу бек болсун,**
**Кундагың боосу кут болсун!**

**3 - тапшырма (жыйынтыктоо) Тесттик тапшырма**

**1.Манастын энесинин аты ким ?**

а) Бакдөөлөт б)Канымжан в) Шакан г)Каныкей

**2. Жакыптын түшүн ким жоруйт ?**

а) Акбалта б) Жолой в) Думана г) Байжигит

**3. Манас Кортукту эмне менен чаап өлтүрөт ?**

а) камчы б) укурук в) чыбык г) чокмор

**4. Манас төрөлгөндө атын ким коет ?**

а) Бакдөөлөт б) Бакай в) Кошой г) Думана

**4-тапшырма Көөнөргөн сөздөр**

**Жам** - (ир.) кесе түрүндөгү суусундук ичимдик куюлуучу чакан идиш, чөйчөк.

Алтындан кесе жам алып,

Астынан тосуп жарданып.

Акеркеч кандай чыкты - деп,

Абыдан бою жасанып.

(С.О.,VI. 255-б.).

**Билезик** - 1. Билек жүзүк – билекке салынуучу шакек – билерик .

2. Ыр сабындагы маани – доолдун кабын басып, бекит турган билерик түрүндөгү алкак металлды коолдоо үчүн пайдаланылган орнамент, же гүл, жалбыракча түрүндөгү металл оюу - чийүүлөрдүн жалпы аталышы.

**Далы** – топоним. Аймак, шаар аталышы:

Далы, Күшөң, Даңгүлү,

Буласагын калаасын,

Муруntан нечүн курады

(С.О., 5. 375-б.).

**5- тапшырма Коллаж менен иштөө(Окуучулар коллаж жасоо аркылуу сүйлөп, ойлорун жеткиришет. Төмөндөгү коллаж окуучулардын жасаган коллажынан үлгү катары берилди).**



Окуучунун сөзү: Мен бул сүрөттү тартканымдын себеби, Манас баатыр арстандай күчтүү, алдуу, айбаттуу, адам сырттаны, коргоочу, Манас арстандай түркүк деп, айтсак жаңылышпайбыз жана ошондой эле Чыйырды энебиз Манасты төрөөрдө арстандын жүрөгүнө талгак болгон жери дагы айтылат. Мен ошон үчүн арстандын сүрөтү аркылуу коллаж түздүм.

**6- тапшырма**

**Жыйынтыктоо:** Кроссворд менен иштөө (китептин экинчи бөлүмүндө)

**7-тапшырма** Үйгө тапшырма. Билимин баалоо

**Тема: Алтайдан Ала - Тоого келүү ; Алмамбеттин окуясы; Баатырдын үйлөнүшү.**

**Сабактын максаты:**

- Окуучулар кыргыз элинин Алтайдан Ала – Тоого кандайча келгендигин, Алмамбеттин окуясын; Баатырдын үйлөнүшү жөнүндө кеңири билишет.
- Окуучулардын логикалык ойлоосу өсөт, ыкчамдыкка үйрөнүшөт, тапкычтык жөндөмдөрү жогорулайт.
- Окуучулар мекенчилдикке, элин – жерин сүйүүгө тарбияланышат

**Сабактын жүрүшү:**

**(Мугалим айтып берет)**

Алмамбет



1. Дөңгөнү, Жолойду, Каман алпты жеңүүдө Манастын эрктүүлүгү, курчтугу.
2. Алтайдан Ала-Тоого келүүгө чейин Манас кандай эрдиктерди көрсөткөндүгү.
3. Манас Карабөркко, Акылайга кандайча үйлөнүп калды? Сайкалга эмнеге үйлөнгөн жок?
4. Алмамбет төрөлгөндө кандайча сынашат, кимден, кандайча окуйт?
5. Алмамбетти ким багып чонойтот жана атасы канча жашында Алманбетке бийликти берет, ал кантип бийлик жүргүзөт.

6. Алмамбеттин элинен кетишине эмне себеп, жолдон кандай кыйынчылыктарга дуушар болот?
7. Көкчөгө туш болушу, Көкчөдөн кетиши.
8. Алмамбеттин Манаска келиши, Манастын түш көрүшү, Манастын Алманбетти сынаткандыгы.
9. Жакыптын Манаска колукту табышы, Кыздын калыңы жөнүндө, Аруукени Алмамбетке ыраа көргөндүгүн түшүндүрүү.

**Бышыктоо:**

**1-тапшырма П.С.М.Т.**


**Позиция** - Манас кыргыз элинин таянычы, тиреги.

**Себеби** - Кабылан Манас барында , Каканга салаар чоң дүрбөөн, Көк жал
Манас барында, караан да ушу, бел да ушул, деп Акбалтанын айтканы далил болот.

**Мисалы** - Эр Эсенкан шаарынан каптаган калың кол келгенде, Жакыптын баарысын тартуу кылып берип аман калалы деген сөзүнө Манастын чоочуп кетиши. Жоон алпын чокмор менен төбөгө салып жибериши, Каман алптын койдой башынын кесилиши, Жолойдун качышы.

**Тыянак** - Ушинтип кыргыз кубанып, элдин жаны тынып, Манас - Манас болгону, Манас атка конгону, ак калпакты кийгени, алчайып атка мингени, эки тизгин, бир чылбыр колуна эми алганы.

2 - тапшырма Вендин диаграммасы






**3-тапшырма Көөнөргөн сөздөр**

**Даң – Даң** – эпизоддук кейипкер, Кампас калаасынын балбаны. Манасты өлтүрмөкчү болуп келген Нескаранын колу менен болгон урушта жекеде кыргыздардын Күнөс деген балбанын өлтүрүп, өзү казак баатыры Айдаркандын колунан өлөт

(С.О., 1. 219 – 222- б. ).

**Зымын** – топоним. Манас өзү катылган Шоорукка каршы элди курап кошун топтогондо айтылган аймактардын бири

( С.О., 2. 207-б.)

Тез келсин – деп, аларды,

Маргалаң менен Зымыны,

Калбасын, деп чымыны.

**Инжир** – этноним. Уруу – эл аталышы. Манас баатырдын Жаарупага барган жортуулунда эскерилет.

Инжир, ынды, иңгилис ,

Сакалат – деп, эли бар

**4- тапшырма Коллаж менен иштөө**

**(Окуучулар коллаж жасоо аркылуу сүйлөп, ойлорун жеткиришет. Төмөндөгү коллаж окуучулардын жасаган коллажынан үлгү катары берилди).**



Окуучунун сөзү: Мен бул гүлдү тартканымдын себеби, гүлгө нур кандай керек болсо, кыргыз элине дагы Манас ошондой керек болгон. Тоолор болсо кыргыз элимдин кереметтүү тоолору деп, элестеттим. Ал эми чагылган болсо кыргыз элиме, кыргыз жериме көз арткан элди, жерди басып алгысы келген душмандар. Бул жерде гүлдөрдү, тоолорду чагылгандан сактап турган күндү жана күндүн нурун Манас менен салыштырдым. Ал эми чагылганды душмандар менен салыштырдым.

Манас кыргыз элин, жерин душмандардан сактап, коргоп турганын билдиргим келди.

**5 – тапшырма** **Кроссворд менен иштөө (китептин экинчи бөлүмүндө)**

**6 - тапшырма** **Үйгө тапшырма.** **Билимин баалоо.**